**Карачева Өмүргүл Сулаймановна –**
Балыкчы шаарындагы № 4 гимназия мектебинин
тарых жана жаран таануу мугалими

## Сабактын темасы: “Кыргыздардын XVII – XVIII кк. коомдук чарбалык түзүлүшү”

**Өтүүчү класс:** 8 а. (жыйынтыктоо сабагы)

**Сабактын максаты**:

1. Жыйынтыктоо сабак катары кыргыздардын XVII – XVIII кк. коомдук чарбалык түзүлушүн интерактивдүү оюндарды колдонуу менен окуучулардын билим деңгээлин текшерүү жана баалоо;
2. Окуучуларга кыргыздардын XVII – XVIII кк. социалдык абалын, коңшу элдер менен алакаларын, маданиятын окуу китебинен тышкары, кошумча адабияттардан пайдалануу менен билимин тереңдетүүгө, илимий теориялык жактан калыптанууга багыт берүү;
3. Окуучуларды өз элинин тарыхын сүйүүгө, кылым карыткан маданиятын аздектөөгө, каада-салт, үрп-адатын муундан–муунга өткөрүп, аларды ыйык сактоого тарбиялоо.

**Сабактын тиби:** Жыйынтык сабак
**Сабактын формасы**: Топтор менен иштөө
**Сабактын жабдылышы:** кыргыздын улуттук буюмдары, кол өнөрчүлүктү чагылдырган фото сүрөттөр, видео роликтер, нодбук, интерактивдүү доска, кыргыздын элдик күүлөрү.

**Сабактын программасы.**

1. Сабакка психологиялык даярдык (мугалимдин түшундүрмөсү) Мугалим өтүлүүчү сабактын жүрүшун түшүндүрөт. Сабакка интерактивдүү оюндар колдонулат. Окуучулар үч топко бөлүнүү менен алардын ортосунда таймаш өткөрүлөт. Топтордун билими “жашыл” (5), ”көк” (4), ”сары” (3) таякчалар бааланат. Эң көп таякчаларды топтогон топ жеңип чыгат жана жогорку баага татыктуу болот. Бааларды эсептеген, таякчаларды тараткан эки ассисент окуучу болот.

**Сабактын жүрүшү.**
Сабакты уюштуруу.

1.**“Ысымга аукцион**” оюну.

Интерактивдүү доскадан тарыхый инсандар: Атаке баатыр, Кубат бий, Ажы бийдин сүрөттөрү кезек менен көргөзүлөт. Тапшырмада “5” деген баага сумма айтылат. Ар бир топ тарыхый инсан жөнүндө адегенде баасын айтып

билгендерин окуучулар толуктап турат, акыркы толуктаган окуучуга “5” деген баа сатылат.

**2. “Каарманды тап” оюну**

**1-тапшырма: Төмөндөгү көргөзүлө турган сценкада кимдер жөнүндө жана кайсы окуя чагылдырылган? (3 окуучу каармандардын ролун аткарат.)**

**1-окуучу:** Оо калайык калкым! Кебиме кулак салгыла. Турмуш тарып заман өзгөрүп баратат. Күн чыгыштан Багды хан, түштүктөн Нарбото бий сугун артып кысымга алууда. Орусту дили ак, адилет дейт. Оруска кол берсек кор болбойбуз. Алар бизди коргой да, колдой да алышат. Мен өзүмдүн атымдан жана силердин атыңардан Орус падышасына мына бу турган өзүбуздүн ишенимдүү адамыбызды элчиликке жиберүүнү чечтим. Эмесе орус падышасынын ишин алып баруучу Омбудагы таксыр генералга жазган катка көңүл бургула.

**2**-окуучу: (катты окуйт) “Улуу урматтуу императордун ишин алып баруучу таксыр генералга байыркы падышалар Соломон Александр Македонскийдин тушунда жашаган жаңтуу жана тектүү адамдардан келип чыккан, азыр болсо кыргыз элинин урууларынын муундарын башкарып жаткан баатырлардан таазим! Бул менин биринчи кызматымды кайрымдуулук менен кабыл алып коюңуз, мындан ары ушундай кылууга аракеттенем. Ушул эле элчилеримден Улуу урматтуу падышанын өзүнө тапшыруу үчүн үч илбирстин, беш сүлөөсүндүн терисин жөнөттүм. Алар аркылуу Улуу урматтуунун сак саламаттыгын билүүнү каалайм. Сөзүмдүн тегин эместигин күбөлөндүрүп, катка сыя менен өз мөөрүмдү бастым”

1-окуучу: Калайык калк, катты көңүлгө түйүп койгула. Бул каттын мааниси атадан-балага, укумдан-тукумга жетсин. Баарыңар ушул жакшылык иштин күбөсү болгула. Элчилерге ак батаңарды бергиле (алакан жайып). Сапарыңар байсалдуу, жолуңар шыдыр, жолдошуңар кыдыр болсун. Теңир силерге жол ачып, Манас атабыз колдосун. Улуу урматтуу падышага аман-эсен барып келгиле. Оомийин!

**Жообу:** Сарбагыш уруусунун башчысы Атаке баатыр, элчилер- Абдрахман Кучак уулу, Шергазы. Бир жагынан Цин империясы, бир жагынан Кокон хандыгы, Чүй тараптан казак ханы Аблай кыргыз жерин каратып алууну ойлошкон. Сарбагыш-бугу чатагы да ырбап, эл арасында ынтымак кете баштаган. Элди кулдуктан сактоонун бирден-бир жолу оруска кол берүү экендигин алдын-ала туюп Атаке өз элчилерин Орусияга жөнөткөн.

**2-тапшырма: Азыркы айтыла турган инсан жөнүндө маалымат өтө аз, ошондой болсо да кыргыз бийлеринин ичинен анын ким экендигин тапкыла.**

"Ал Кокон хандыгынын негиздөөчүсү Шахрух бийдин кызына үйлөнүп, анын күйөө баласы болгон. Көчмөндөрдүн салтында күчтүү бийлөөчү гана башка бир атаандашынын кызын аялдыкка алууга шарт экендиги маалым. Жогоруда баяндалгандай Шахрухтун бийликке келишине анын чоң жардамы тийгендиги ачык көрүнүп турат. Бул окуя вилайеттин ошол кездеги күчтүү жамааттары болгон миңдер менен кыргыз бийлеринин бийлик сересиндеги убактылуу биримдигин чыңдаган. Ага биринчиден туугандык шарт, экинчиден кожолордун теократиялык бийлигинен кутулууга болгон жалпы аракет себеп болгон. Анткени, ал мезгилде бийликте турган бий Шахрухка караганда саясий жана согуштук жактан күчтүүрөк болгон жана чыгыштын салтына ылайык мыйзамдуу өкүмдар болууга умтулган. Шахрух ага кызын күйөөгө берүү менен бул фактыны өз кызыкчылыгына пайдалангандыгын божомолдоого болот.

Шахрух тун уулу Абдурахим бийдин алдоо жолу менен бир тууган жездесин эки уулу менен 1725-жылы өлтүртүп койгондугуна байланыштуу кыргыз бийлеринин жаңы гана уюшула баштаган Кокон хандыгындагы ролу бир аз төмөндөй түшкөн. ("Заман Кыргызстан"гезити 5.03.04)

**Жообу: XVIII к. Кожент вилайетинин бийи б.а. кыргыз Маматрайым аталыктын уулу Акбото бий.**

**3-тапшырма: Бул окуя кайсы окумуштуунун эмгегинде жазылып жана кайсы каарман жөнүндө айтылат?**

"Казак ханы Аблай солто жана саяк урууларын Сары-Белде, Карабалта-Сокулук жылгаларында талкаланган. Ошол жерде солтонун башчысы, атактуу баатыр өлтүрүлгөн. Аблайдын 1770-ж. жортуулу өзгөчө даңталат... Ошол салгылашууга оң менен солдун бардык кыргыздары катышкан. Бул кармаш ал баатырдын кыргыны деп аталган. Аблай аргындардан, наймандардан, уйсундардан куралган көп кол менен наймандардын султаны Барактын жеңилгени үчүн өч алууну көздөп Таластын башынан, Кызыл-Суу, Шамшы аркылуу кайра тартканда ал оң менен сол кыргыздардын сан жеткис көп аскерине кездешет. Кармаш Чүй өрөөнүндөгү Аксуу куйган жайыкка өткөн. Токтоштун Кара-Дөбөсүндө казак колу турган. Кыргыздар жан аябай катуу кармашса да, казактар жеңип чыгат. Солтонун уруу башчысы эки уулу менен согуш талаасында көз жумду. Кыргыздар орду толгус чоң жоготууга дуушар болду: чоң багыш уруусунан эки гана айыл, Чоңталкан болуштугунан 40 гана киши аман калган. Баатырдын кызы, атактуу уруу башчысынын зайыбынын кошогу эмдигиче элдин эсинде сакталуу...."

**Жообу: Бул окуя 1770-ж. казак ханы Аблайдын колу таластык жана чүйлүк кыргыздарга кол салат. Ошондо Чүйгө кыргыз урууларынын көпчүлүгү (солто, сарбагыш, саяк, бугу ж.б.) кол курап жан аябай салгылашкан. Бул салгылашуу жөнүндө эл оозунда “Жайыл кыргыны” деген аңыз кепайтылып калган. Солто уруусунун кол башчысы Жайыл баатыр, анын уулдары Үсөн жана Теке, кызы Атаке баатырдын зайыбы Бегимжан жөнүндө чыгыш таануучу окумуштуу Ч.Валихановдун кыргыздар тууралуу эмгегинде айтылган.**

**3-оюн: “Тарыхый тамга”**

Үч топко үч тамга “Т”.”А”,”Ж” берилет.Топтун жетекчилери катылган тамгаларды алышат жана өз тобу менен адам аттарын, терминдерди, согуш аталыштарын түзүп чыгышат. Кайсы топ узун тизме түзсө, ошол топ жеңишке жетет.

**4-оюн: “Вертикал боюнча сөздү тап”**

Бул оюнда главага тийешелүү кыргыз элинин муундан-муунга өткөн илимге тиешелүү сөздү вертикал боюнча табат. Оюндун эрежеси үч топтон бирден окуучу чыгып, 2мин. ичинде ирээтсиз тамгалардан туура сөздү таап жазат да, ашык тамганы вертикал боюнча жайгаштырат.

РОУРКА_______________________________________________......
НЖСЕГЕТИЛ_______________________________________.......
ОЧПОТЛН_____________________________________________........
РАУРКАЧР___________________________________________.......
УОМОЧЛ_____________________________________________.......
УНЫЖЛУСРУ__________________________________________......
УМЖАО______________________________________________.......
ИБИМШЕМ____________________________________________.......
ИБШЕРАШЕМИ________________________________________.......
ЯУКН_______________________________________________......

**Жообу: Үркөр, жетиген, чолпон, үч аркар, мүчөл, жыл сүрүү, жума, ишемби, шаршемби, күн. Вертикалынан – АСТРОНОМИЯ.**

**5–оюн Класстер менен иштөө.**

Доскага кыргыз элинин жашоо тиричилиги боюнча үч топко үч класстер илинет.

1-класстер “Боз үй”,
2-класстер “Ат жабдыктары”
3- класстер“ Улуттук оюндар”

**6 – оюн: “Турнир”**

1-топтун жетекчисине берилүүчү суроолор:

1. XVII – XVIII кк. жашаган кыргыздардын негизги кесиби (мал чарбачылык)
2.”Өлөт” деген сөз эмнени түшүндүрөт? (калмак урууларынын бири)
3. Кыргыз уруулары кандай канаттарга бөлүнөт? (оң, сол)
4. Кытай тарых булактарында кыргыздарды кимдер деп атаган? (Бруттар)
5. Кайсары бий кайсы жердин акими? (Кашкардын)
6. Ойрот-калмактардын өз алдынча хандыгы кайсы кылымда түзүлгөн? (XVк.)
7. Кыргыз элинде таралган эпосторду ата (Манас, Семетей, Сейтек, Кожожаш, Эр Табылды, Курманбек ж.б.)

2-топтун жетекчисине берилүүчү суроолор:
1. Жуңгар хандыгы кайсы жылы түзүлгөн? (1635)
2. 1745-ж.калмак аскерлерин талкалап, жеңиш менен кайткан кол башчы (Акмат бий)
3. Жуңгар хандыгы Цин аскерлери тарабынан кайсы жылы талкаланган? (1758-ж.)
4. Кокон хандыгы кайсы жылы түзүлгон? (1710-ж.)
5. Атаке баатыр өз элчилерин кайсы жылы Орусияга жонөткөн? (1785-ж.)
6. Эң алгачкы манасчылар (Ырамандын ырчы уулу, Жайсаң, Келдибек, Тоголок Молдо ж.б.)
7. Жыл сүрүүнүн кыргызча аталышы: (чычкан, уй, жолборс, коён, балык, жылан, жылкы, кой, маймыл, тоок, ит, доңуз)

3-топтун жетекчисине берилүүчү суроолор:
1. Кыргыздын музыкалык аспаптарын ата: (комуз, кыл кыяк, темир жана жыгач ооз комуз, чоор, кериней, сурнай, жез таңдай, сыбызгы ж.б.)
2.”Чарбадарлар” деген эмне? (карапайым эмгекчи эл)
3. Казак-кыргыз согуш ынтымагынын максаты (Жуңгар хандыгын талкалоо)
4. Кожолордун соопчулук жамааты ким тарабынан жана качан негизделген? (17-к.Ысак кожо)
5. Кожентти башкарган кыргыз бийи (Акбото)
6. 12 айдын кыргызча аталышы (чын куран, бугу, кулжа теке, баш оона, аяк оона, тогуздун айы, жетинин айы, бештин айы, үчтүн айы, бирдин айы, жалган куран)
7. Кыргыздар аралыкты эмне менен ченеген? (эли, сөөм, карыш, кадам, кулач, саржан, чакырым, ат чабым, чай кайнам ж.б.)

**Жыйынтыктоо: Эң көп таякчаларды топтогон топ жеңип чыгат жана жогорку баага татыктуу болот. Ассисент окуучулар таякчаларды**

**эсептеп жыйынтыгын чыгарат жана активдүү окуучулардын билими бааланат.**